"Тарых жана мурас" түрмөгү

# ЖУСУП МАМАЙ: Заманыбыздын залкар манасчысы



Бишкек - 2014

“Тарых жана мурас” түрмөгү

Кыргыз Республикасынын Президентинин аппараты

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

Талас мамлекеттик университети

Кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарынын “Мурас” фонду

“Диалог Евразия” платформасы

“Манас Ордо” тарыхый-архитектуралык комплекси

“Кыргыз Тарых Коому” ЭКБ

# ЖУСУП МАМАЙ: Заманыбыздын залкар манасчысы

*Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын чыгармачылыгына арналган илимий баяндамалардын жана макалалардын топтому*

Бишкек - 2014

**Момун Абдыкадыр уулу**
"МАНАСТЫН" ТӨРТҮНЧҮ УРПАГЫ КЕНЕНИМДИН БААТЫРДЫК ЖООРУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ........ 54

**Токтокан Ысмайыл кызы**
ЖҮСҮП МАМАЙДЫН МАНАСЧЫЛЫГЫ КОКУСТУК ЭМЕС ........ 57

**Токтонур Аамат**
«МАНАСТАП УРААН ЧАКЫРУУ» ЖАНА«ТУУ» СӨЗДӨРҮНӨ ЖОРОМОЛ ........ 61

**Токтобүбү Ысак кызы**
ЖҮСҮП МАМАЙ «МАНАСТЫ» КАНДАЙ АЙТТЫ? ........ 65

**Кайрат Токонбай уулу, Ташманбет Кененсариев**
ШИНЖАҢДАГЫ ЧЕГАРА АТТАНГАН УЛУТТАР ........ 69

**Кайрат Токомбай уулу, Ташманбет Кененсариев**
КЫТАЙДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ТАРЫХЫ ЖАНА АЗЫРКЫ АБАЛЫ ........ 74

**Кармыштегин Макелек Өмүрбай уулу**
«МАНАС» ЖАНА КЫТАЙ ........ 82

**Мамбеттурду Мамбетакун**
ЖҮСҮП МАМАЙДЫН 1961-1964-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДАГЫ МАНАСЧЫЛЫГЫ ........ 88

**Разыя Ысмайыл кызы**
ЖҮСҮП МАМАЙ ЖАНА «МАНАС» ........ 91

**Эсен Айсабек уулу**
ЗАЛКАР МАНАСЧЫ ЖҮСҮП МАМАЙДЫН АЙТУУЧУЛУК ӨНӨРҮ ЖАНА КЫРГЫЗДАРДЫН ЭПОС АЙТУУЧУЛУК ӨНӨРҮНҮН КЕЛҮҮ КАЙНАРЫ ........ 92

## II. КЫРГЫЗСТАНДЫК ИЛИМПОЗДОРДУН БАЯНДАМАЛАРЫ ЖАНА МАКАЛАЛАРЫ

**К.Абакиров**
МАНАСЧЫЛЫК: ИЛИМИЙ ЖАНА ИЛИМДЕН ТЫШКАРКЫ КӨЗ КАРАШТАР ........ 98

**Г.К.Абдалиева**
«ЮАН ТАРЫХИЙ» ЖАЗМА БУЛАГЫ, ФУ-ЙУ КЫРГЫЗДАРЫ ЖАНА ЖУСУП МАМАЙДЫН «МАНАС» ЭПОСУНУН БАЙЛАНЫШТАРЫ ........ 104

**Ж.К. Абдиева**
МАНАСЧЫЛЫК ӨНӨРДӨГҮ ЖУСУП МАМАЙДЫН ОРДУ ........ 108

**Ж.К.Абдиева**
ЖУСУП МАМАЙДЫН "СЕМЕТЕЙ" ЭПОСУНДАГЫ АНИМИСТИК КӨЗ КАРАШТАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ ........ 112

**Т. Айталиева**
УРКАШ МАМБЕТАЛИЕВ ЖАЗГЫЧ МАНАСЧЫЛАРДЫН ӨКҮЛҮ ........ 117

**Айталиева Т.**
«МАНАС» ЭПОСУНУН ЖУСУП МАМАЙГА ТААНДЫК ВАРИАНТЫ ЖАНА КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ ........ 121

**Ө. Ж. Алымкожоев**
«МАНАС» ЭПОСУНДА «КЫРГЫЗ» ЭТНОНИМИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (Жусуп Мамайдын варианты боюнча) ........ 124

**В.Э. Анарбекова, Ш. Б. Атабекова**
"МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КОШОК ЫРЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ........ 126

**С.А. Арстанов**
"МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ ТАРЫХИЙЛУУЛУК МАСЕЛЕЛЕРИ ........ 129

**Т. Бакчиев**
"МАНАС" ЭПОСУНУН АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ РУХАНИЙ ОРДУ ЖАНА ЖУСУП МАМАЙ ........ 132

**Т.А. Бакчиев**
"МАНАС" ЭПОСУН ИЗИЛДӨӨДӨГҮ ЖАҢЫ ЫКМАЛАР ........ 136

Эпос боюнча чечмелей турган болсок "кыргыз" термини "кырк уруу", "кырк жүз", "кырылбас" деген сөздөрдүн туундусунан келип чыгат.

Жусуп Мамайдын вариантындагы "Манас" эпосунда Эне-Сайды жердеген эл кыргыздар болгондугу даана көрүнүп турат. Ал эми илимде Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын орто кылымдардагы тарыхына, археологиясына арналган атайын адабияттарда Эне-Сай аймагында жашап өткөн калктын аты ар башкача аталып жүрөт. Окумуштуулардын көпчүлүгү аларды жазма даректерге ылайык «кыргыздар» деп атап келишет. Бирок бул пикирге каршы болгон окумуштуулар жок эмес. Алардын пикири боюнча "кыргыз" деген терминдин ордуна "байыркы хакастар" же "орто кылымдагы хакастар"[5] деген терминдерди тануулашат. Алардын оюу боюнча, кыргыздар «байыркы хакастардын» бар болгону бир гана салаасын, атап айтканда, «династиялык аксөөктөр тукумунан» түзгөн имиш. Акырында аталган ушул эки терминди түгөйлөштүрүп, бир уңгуга бириктирип «кыргыздар (хакастар)», «кыргыз- хакас» ж. б. ушул сыяктантып көрсөткөн эмгектер да бар [6]. Мындай эмгектердин авторлоруна Ю.С.Худяков өзүнүн эмгектеринде далилдүү жооп берип келет.

Юлий Сергеевич «хакас» аттуу жасалма терминдин илимде жана XX к. этносаясий аталышта колдонулуп калышынын жагдайын ырааттуу жана объективдүү негизде баяндап берген. Ал синолог С.Е.Яхонтовдун, арабист Ө.Караевдин, этнограф А.Бутанаевдин, тарыхчы Н.А.Сердобовдун жана башка изилдөөлөрдүн "хакас" сөзү кыргыз этнониминин кытайча "ся-цзя-сы" ("хя-гя-сы") түрүндө жазылышынын эле бир түрү экендиги тууралууу пикирлерин да ортого салган. "Хакас" аталышын алган эл эзелтеден болгон, кыргыздар алардын төбөлдүк кылчу чакан уруусу гана болчу деген жоромолду айтып келген Л.Р.Кызласовдун жана аны колдогон окумуштуулардын көз карашы негизсиз экендигин дагы бир ирет тастыктап берет.

Ошондой эле, Юлий Сергеевич эмгектеринде эне-сайлык кыргыздар азыркы теңир-тоолук кыргыздарга, фуйү кыргыздарына, саха (якут), тува, хакас, башкыр, ногой, калмак сыяктуу бир катар улуттарга этностук компонент катары жуурулушканын баса белгилөө менен, Эне-Сайдагы кыргыздарды бүгүнкү хакастарга гана байыркы ата-баба катары ыйгарып, энчилеп, ошонун негизинде тарыхтагы Эне-Сай кыргыздарын "байыркы хакастар" же "орто кылымдардагы хакастар" деп кайра атоо таптакыр жарамсыз экендигин [7] өзгөчө баса белгилейт. Башкача айтканда Юлий Сергеевич илимде белгилүү болгон бардык тарыхий даректерге ылайык, орто кылымдарда Сибирдин түштүгүндө өздөрүн «кыргыз» деп атап, калган башка элдерге дал ушул ат менен таанылып, аттын кашкасындай белгилүү болгон түрк тилдүү эл жашагандыгын өзүнүн эмгектеринде баса көргөзөт.

**Шилтемелер:**

1. Жусуп Мамай Манас. – Б., 2014. – Б.9-10.
2. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. – М.;Л., 1952. – С. 45,85.
3. Худяков Ю.С. Кыргызы на Енисее. – Новосибирск, 1980. – С. 10.
4. Манас эпосу Жусуп Мамайдын айтуусунда http://bizdin.kg/elib/kitepter/html/ - manas/manas_jm/section2.html#title5
5. Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын тарыхы. – Б., 2013. – Б. 23-24.
6. Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах Азии. – Б., 1995. – С. 17-18.
7. Худяков Ю.С. Кыргызы на Енисее. – Новосибирск, 1980. – С.76.

**В.Э. Анарбекова**
**Ш. Б. Атабекова**

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин
"Тарых" кафедрасынын окутуучулары
(Кыргызстан, Жалал-Абад ш.)

## "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КОШОК ЫРЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

(Жусуп Мамай варианты менен Манас эпосунун материалдарынын негизинде )

Бул макалада кытайлык манасчы Жусуп Мамайдын айткан "Манас" эпосу менен кыргыз элиндеги "Манас" эпосундагы кошок ырлары салыштарылат. Анда эпикалык баатырлардын Ата Мекен үчүн болгон патриоттук эрдиктери, эркек кишилердин (Манас, Бакай) жана кыз-келиндердин (Айчүрөк менен Каныкей) жоктоосу, мамлекеттүүлүк идеяны бийик туткандыгы, азаттык үчүн болгон күрөштө баатырлардын социалдык абалы, үрп-адат, этностордун аталышы жөнүндө кененирээк баяндалат жана бүгүнкү күндө эл арасында айтылып жүргөн кошоктор эпикалык чыгармадан туп нускасы

жоготпой айрым бир саптарда сакталып калгандыгы жөнүндө да информаторлордун материалдарынын негизинде баяндалат.

Мында изилдөөчүлөр - И.М.Молдобаев, Ч.М.Мамыров, К.Жусупов, Б.Солтоноев, Жусуп Мамайдын варианты "Семетейден", С.М.Абрамзондун, Ч.М.Мамыровдун, "Манас" эпосунун варианттарына, информаторлордун материалдарына ж.б. илимий эмгектерге таянуу менен жазылды.

Кошок оозеки чыгармачылыктын ичиндеги эн байыркы жанр. Манас эпосу да кошоктон чыккан деп айтылыт. Өлүм жана ага алып баруучу нерселердин бардыгы жамандык, тирүүлүк жана аны бекемдеген нерселердин бардыгы жакшылык. Жашоодо тирүүлүк-өлүм, жакшылык-жамандык оппозиция. Ошентсе да жашоо уланган. Жарыктыкта ар бир адамдын орду бар, жоготуу орду толгус кайгы. Мисалы, Жусуп Мамайдын варианты боюнча "Семетей" эпосунда Бакай хандын баласы Байтайлак калмактар менен күрөштө каза болот. Анын башын бир бөлөк, денесин бир бөлөк кылып Кулчоро атасына өңөрүп келет. Атасынын көзүнүн жашы көл болуп, сакалы ылдый жаш кетип, шалдырап мууну бошонуп, шалпыйып Бакай шай кетип, күйгөнүнөн кара көздөн кан аралаш жаш төгүп ыйлайт. Бул эпосто төмөндөгүчө айтылат:

Кайгысына Бакайдын, Карагай-кайын тал ыйлап.
Өчпөскө бүткөн күн ыйлап, Өсүп чыккан гүл ыйлап.
Өз жат дебей баары ыйлап, Токтоно албай тоо ыйлап.
Адыр ыйлап, жер ыйлап, Аккан тунук суу ыйлап.
Айдын көлдө куу ыйлап, Алты сан кара көп ногой .
Катын, эркек бул ыйлап, Элдин баары чуркурап.
Эси кетти буркурап. [1] - деп жалгыз кырчындай жаш баатыр өзүнүн түмөн кол аскери менен эл-жерди коргоо үчүн жарык дүйнө менен кош айтышкандыгын билдирүүдө. Ушундай эле жоктоо кыргыз элинде да Манас баатыр курман болгондо:

Жараткандын баары ыйлап. Жашыбаган таш жашып,
Ай ааламды кайгы басып, Тунжураган түн болуп,
Төбөң түшкөн дүнүйө ай, Жоктоп турду баатырды [2] – деген саптарда жан-жаныбардын баары ыйлап, жаратылыштын кайгы-муңга толгону тууралуу абдан жакшы берилген. Мындай трагедия жалпы эле эпикалык чыгармаларда кайталанат. Ушинтип адамды барктап ар убакта кадырына жетүү, адамгерчиликтин эң жогорку сапаты экендигин дайыма эстеп жүрүү да, бул адамдын парызы болуп калуу керек. Маселени ушул өңүттөн алганыбызда, айтылган кошоктор бири-бирине мазмуну жана текsти жагынан окшош эле.

Мисалы, баатырлар өлгөндө жесирине тул салдырып, алтымыш кошокчу аял кошуп, аза күткөнү Манас өлгөндө;

Алтымыш катын кошокчу, тул түбүндө Акылай.
Баягы кайран жеңең Каныкей, боздоп турду буркурап.
Кошуп эле турат чыркырап [3] - деген саптарда жалпы эле кошоктордун айтылуусу кыз-келиндерге таандык экендиги жөнүндө баяндалат. Мындай ырааттуулук ар дайым эле сакталбайт. Кыргыз элде алгач Манасты Ырчы уул айтып, өлгөндө анын баатырдык иштерин кошкондугу белгилүү. Ал кошокторду Токтогул ырчы бир чыгармага бириктирген дешет. Бирок, ырчынын туулгандыгы жана дүйнөдөн кайткандыгы тууралуу так маалыматтар жок. Жаныбек хан, Тимурдун тушунда уламышталат. Болжол менен 1320-жылы болсо керек. Себеп, Жаныбек хандын башкаруу мезгили 1340-1357-жылдары болгон.

Манасчы Жусуп Мамайдын айтуусунда Чоң казатта капыстан Чубак баатыр жоголуп кетет, ошондо Манас:

Караным Чубак сен элең,
Канган Манас мен элем.
Арстан Чубак сен элең,
Артымда Чубак жүргөндө.
Ааламды алам дээр элем,[4]
Ал эми Манастын Алманбетке кошкон кошогунда:
Атаны арман дүнөйө, эгиз козу түгөйүм.
Алакем атышка салсам ак жолум элең,
Болот элең таш кескен!
Айкырып Алман турганда. Мен Бээжинди бузам дечү элем.
Алты түмөн кол келсе, аралап жеке кол салган,

Асылым Алман ала жат - [5] - өңдүү ыр жолдору менен бекемдеши баатырдык идеяны тереңдетүүдө.

Манас, Алманбет олгондо Арууке менен Каныкейдин кошогунда мындай сөздөр айтылат:

Ар уруудан койногум, тартсам жетпейт мойнума,

Талыктырбай айкөлүм, тарта кетчи койнуна [6] бул сөздөрдө бир варваризм доорундагы эри менен кошо аялдарын, кул-күңдөрүн, атын кошо көмгөн каада-салттын рудиментин [7] коробуз-деп жазат Мухтар Борбугулов [8]. Тарыхта белгилүү болгондой байыркы Египет, байыркы Кытай ж.б. олколордо жана байыркы көчмөн урууларында, түрктөрдө аскер адамы жоодо каза болсо атын, курал-жарагын кошо көмгөн. Ал эми С.М. Абрамзондун эмгегинде кыргыздардын, ошондой эле Орто Азиянын жана Казакстандын башка элдеринин турмуш-тиричилигинде, каада-салтында никенин левират (жесири-жеңесин, келинин алуу) жана сорорат (балдызын алуу) [9] деген никенин түрүнөн кабар берет десек жаңылыштык болбос. Анткени күйүт үстүндө өлүккө кошо өздөрүн табыштоодо. Бирок, тереңирээк ой жүгүртүп көрсөк Л.П.Потапов [10] менен С.И. Вайнштейн [11] изилдеген никенин түрлөрүн (левират) көрүүгө болот жана эпосто Каныкейге Кыргыл чал менен Тазбайматтын жуучу түшүшүнөн улам.

Каныкейдин кошогунда: “Кара чачы жайылып, кандуу бети жыртылып” кара кийип кайгыга баткан кан баатырдын жесири асылынан айрылгандагы армандуу күйүтүн кошокто чагылыштырат. Кенеш Жусупов “Өткөн заманда күйөөсү өлгөн жесир аял бетин беш манжасы менен каната тырмап, дак салып, кара кийинип, аза күтүп, үй ээсин күнүнө үч маал жоктоп кара ашына чейин кошок айткан” [12] дейт. Саякбай Каралаев Каныкейдин күйүтүн төрт сап ырда эле апыртуу ыкмасы менен таасын айтат. Айкөлүнөн ажыраган Каныкей “тарак тийбес кара чачынан” жулуп ыргытканда “тал-тал токой бүтөт”, көз жашынан “дайра болуп кара суу агат” [13]. Бирок, кантсе да кошокто аялдын жеке кайгысына караганда баатырдын артындагы туягы жаш, башчысыз калган кыргыз калкынын тагдыры, келечеги жөнүндөгү ой, ата журт темасы алдынкы катарга чыгат:

А дүйнө кеткен сен болдун, Азапты тарткан мен болдум.
Береги кара жаак айбалтан, Кайкалатып ким аштайт?
Сурап ичме тойбогон, Сугалагын койбогон.
Аргын кыргыз элинди, Тополон кылбай ким баштайт?

Манастын чоросу Кошой хан дагы ушундай кошок кошот:

Макасым, кара жаак айбалта, кайкайлатып ким аштайт,
Каңгайдан болсо чон мүшкүл, алакандай журтумду,
Мунун акылын таап ким баштайт? Долоно саптуу ай балта,
Толгондурбай ким саптайт? Береки толуп жаткан журтуңду,
Тозок бир келсе манжуудан,
Мунун топ-тобун бузбай ким баштайт? [14].

Эпикалык чыгармада кытай, калмак, кара калмак, шибе, кара кытай, солон, эштек, добот (тибет), ойрот, торгоот, мангырт, кара ногой, сары ногой, ногой, чурчут, олок, орус, урум, сарт, өзбек, казак, нойгут, кыпчак, оогон, тажик, кызыл баш, унущ, манжу, долу жана кыргыз [15] деген этностор айтылыт. Ал эми Имель Молдобаевдин изилдөөлөрүндө болсо 300дон ашуун [16], ошондой эле М.Ч.Мамыровдо болсо 80ден ашык [17] этнонимдердин бар экендигин маалымдайт.

Манас баатыр ооруп жатканда Каныкей:

Эчкиликтин ташынан,
Өлө электе Манаска
Жай камдаткан башынан
Оозун карап Каныкей
Жалгыз киши баткандай
Ары жагын коолоткон

Алты миң кой жаткандай [18] - кылып, аземдеп мүрзө каздырган. Археологиялык жактан караганда казанак кор болгон деп айтууга болот дешет изилдөөчүлөр [19, 20]. Чындыгында эле мындай далилдөөлөргө казанак маданиятын (катакомбная культура) эң жакшы изилдеген археолог П.Б.Коноваловдун эмгектерине таянуу менен ырастасак болот.

Эпикалык чыгармада “Ай батканда түн болду, Айдынын журтка дүң болду. Атпай калың көп кыргыз, Алсырап кетип тим болду” [21] деген өңдүү саптар бүгүнкү күндө эл арасында сакталып, оздон-оозго айтылып келет. Мисалы, Жалал-Абад облусунун Аксы районун тургуну Сопукулова Насибүбүнүн атасына кошкон кошогунда: “Атакем, Ай батканда түн болдун, Айдынын журтка дүң болгон. Атпай калың көп журтка, Атагы менен дүң болгон” деген саптарда айтылат.[22]

Жусуп Мамай айткан "Манас" эпосу менен кыргыз элинин эпикалык чыгармасы жалпы жолунан идеясы жагынан үндөшөт. Өз орду жана чыгармачылык чеберчилик менен колдонулган кошок ырлары окуянын кульминациялык чегин, башкача айтканда жалпы кыргыз элинин башына күн түшүп тургандыгын угуучулардын сезимине жеткирүүдө зор роль ойнойт. Анткени, кыргыз калкынын мамлекеттүүлүгүн бекемдөөдө азаттыкка умтулуп, өз көз карандысыздыгын сактап келгендиги мисал келтирилген кошок ырларынан да көрүнүп турат.

***Шилтемелер:***


1. Жусуп Мамай варианты. "Семетей". Кеңеш Жусупов. Кыргыздар. – Б.,1997. 4 том. 283- бет
2. Манас. 1-болум. 2-китепче. – Фрунзе.,1959. 304 - бет
3. Манас энциклопедия. – Б., 1995. 1 том. 329- бет
4. Жусуп Мамай варианты. "Семетей". Кеңеш Жусупов. Кыргыздар. – Б.,1997. 4 том. 307- бет
5. "Манас". Тузуучу Кенеш Жусупов. – Б.,1995. 103- бет
6. Манас. Курама вариант. 2 – китеп. – Фрунзе.,1958. 206-207 беттер
7. Рудиментардык — (латынча rudimentum – башталгыч деңгээл, эми гана башталган бүчүр, өспөй калган, жоголуп бара жаткан, мурунку доорлордон калып калган, эскичилик салт-санаа деген мааниде.
8. Борбугулов М. "Манас" эпосу: башаттары, эволюциясы. – Б., 2004. 72-бет.
9. Абрамзон С.М.. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.,1999. 160-б.
10. Потапов Л. П. Краткие очерки истории и этнографии хакасов (XVII-XXIX вв.). – Абакан: Хакасское областное государственное издательство, 1952. - 215 с.
11. Вайнштейн С.И. Тувинцы-тоджиинцы (историко-этнографические очерки) Текст.: научное издание С.И. Вайнштейн: отв.ред. Л.П. Потапов – М.: Издательство восточной литературы, 1961. - 218 с.
12. Жусупов К. Кыргыздар. – Б.,1997. 1-4 томдуктар.
13. Манас. 1-болум. 2-китепче. – Фрунзе,1959. 306-бет
14. Манас. 1-болум. 2-китепче. Фрунзе.,1959. 304-бет
15. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.,1993. 2- китеп. 138 бет
16. Молдобаев И.Б. Эпос "Манас" как источник по истории государственности кыргызов. – Б.,2004. 11 стр
17. Мамыров Ч.М. "Манас" эпосунун калыптаныш тарыхы. – Б.,2005. 89-бет
18. Манас. 1-болум. 2-китепче. – Фрунзе,1959. 309- бет
19. Молдобаев И.Б. Эпос "Манас" как источник по истории государственности кыргызов. – Б.,2004. 17 стр
20. Мамыров Ч.М. "Манас" эпосунун калыптаныш тарыхы. – Б.,2005. 249-бет
21. Манас. 1-болум. 2-китепче. – Фрунзе,1959. 307-бет
22. Информатор: Сопукулова Насибүбү. Жалал-Абад областы. Аксы району. Кызыл-Жар айылы. 2003 жыл.



**С.А. Арстанов**

ага окутуучу.

Ош МУ

(Кыргызстан, Ош ш.)


## "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ ТАРЫХИЙЛУУЛУК МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргыз элинин баатырдык эпосу "Манас" – чексиз кайраттуулукту, жоокерлик ар-намысты, Ата Журтту терең сүйүүнү даңктаган көркөм чыгарма экендиги талашсыз. Нечен кылымдарды камтыган карт тарыхында кыргыз эли өздөрүнүн көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн баатырдык күрөш жүргүзүп келген. Мына ушундан улам каармандыкты, эрдикти даңазалоо элдик көркөм өнөрдүн түбөлүк темасына айланып, улуу эпостун жаралышына негиздүү өбөлгө түзгөн.

Эпосто баяндалган окуялар эң биринчи кезекте кыргыз элинин тарыхынын байыркы доорун сүрөттөйт. Эң алды менен байыркы коомдук түзүлүштүн, аскердик демократиянын кээ бир мүнөздүү белгилери (согуш олжолорун бөлүштүрүүдө аскердеги ар бир жоокердин тең укуктуулугу, жетекчини шайлоо жолу менен тандоо жана башкалар.), эпостун окуялары болуп өткөн жер-суулардын аталыштары, эл, уруу жана кейипкерлердин энчилүү аттары жана башка түшүнүктөр байыркылык